ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

# БУЙРУК

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2022-жылдын 23-декабрындагы №4 протокол) негизги маселелерде каралган «ОшМУнун илимий китепканасын санариптештирүү (электрондук китепкана) жана өнүгүү перспективалары жөнүндө» деп аталган 2-маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. «ОшМУнун илимий китепканасын санариптештирүү (электрондук китепкана) жана өнүгүү перспективалары жөнүндөгү» доцент Ж.А.Артыкованын маалыматы эске алынсын.
2. ОшМУнун илимий китепканасынын жобосун бекиттирүүгө 2023-жылдын 1-февралына чейин талаптарга ылайык кайрадан иштеп чыгуу жана бекитүү илимий китепкананын директоруна милдеттендирилсин.
3. Электрондук китепкананы колдонуу тартиби жана колдонуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча окурмандар үчүн нускаманы 2023-жылдын 1-февралына чейин иштеп чыгуу, бекитүү жана окурмандар арасында таркатууну ишке ашыруу илимий китепкананын директоруна милдеттендирилсин.
4. Билим берүү программасын ишке ашыруунун алкагында сабактарды окутуп жаткан мугалимдер колдонгон ачык маалымат булактарындагы электрондук ресурстарды электрондук китепканага жайгаштырууну үзгүлтүксүз уюштуруу жана жүргүзүү кафедра башчыларына милдеттендирилсин.
5. Университеттин профессордук-окутуучулук курамы тарабынан иштелип чыккан колдонмолорду, окуу китептерди, сабактын видео материалдарын электрондук китепканага жайгаштыруунун жол-жобосун иштеп чыгуу жана анын негизинде иш алып баруу ОшМУнун илимий китепканасынын директоруна милдеттендирилсин.
6. Штрих код менен идентификацияланган электрондук карталарды окурмандык билет катары берүүнү уюштуруу ОшМУнун илимий китепканасынын директоруна жүктөлсүн.
7. Окурманды тейлөөнү электрондук гана жол менен жүргүзүүнү этабы менен ишке ашыруунун планын иштеп чыгуу жана ал боюнча иш жүргүзүү ОшМУнун илимий китепканасынын директоруна, факультеттердин декандарына жана колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин.
8. Электрондук китепканага кирүүнү ОшМУнун негизги сайты аркылуу жүргүзүүнү ишке ашыруу жаңы технологиялар жана электрондук ресурстук бөлүмдүн башчысына жүктөлсүн.
9. Окурмандын электрондук китепканадагы өздүк кабинетин көзгө жагымдуу жана ыңгайлуу интерфейске өткөрүү жаңы технологиялар жана электрондук ресурстук бөлүмдүн башчысына жүктөлсүн.
10. Электрондук китепкананын негизги бетине, электрондук китепкананы колдонуу боюнча кыскача нускаманын чыгуусун камсыздоо (электрондук китепкананын базасы, китептерди издөөнүн жолу, онлайн өтүнмө берүү жолу, окурман катары катталуунун жолу ж.б.) жаңы технологиялар жана электрондук ресурстук бөлүмдүн башчысына жүктөлсүн.
11. Электрондук китепкананын баракчасына эң окумдуу китептердин рейтингин, анын ичинде ОшМУнун окутуучуларынын китептерин өзүнчө рейтингин чыгаруу, рейтингдин негизинде узак убакыт алдыңкы орунда турган китептердин авторлорун сыйлоо ж.б. мотивациялык иш-чараларды уюштуруу илимий китепкананын директоруна милдеттендирилсин.

Документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р от 12.05.2021

12. Электрондук китепкананы көп пайдаланган окурмандардын рейтингин чыгаруу жана баракчада чагылдыруу, жыл жыйынтыгы менен мыкты окурмандарды сыйлоо сыяктуу мотивациялык иш-чараларды системалуу уюштуруу илимий китепкананын директоруна милдеттендирилсин.
13. Электрондук китепкананы пайдалануучулардын санын көбөйтүү иш-чараларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу илимий китепкананын директоруна, факультеттердин декандарына жана колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин.
14. ОшМУнун кызматкерлеринин бардык басылмаларын ОшМУнун электрондук китепканасына (ОшМУнун репозиторийин түзүү) жайгаштырууну уюштуруу илимий китепкананын директоруна жүктөлсүн.
15. Бул чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору З.С. Божоновго жүктөлсүн.

*Негиз: Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021